| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>МОСКВА РАЙОНУ<br>МИҢ-БУЛАК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>МОСКОВСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>МИН-БУЛАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**ТОКТОМ № 14**
**Миң-Булак айыл аймагынын I-чакырылыштагы**
**Кеңешинин кезексиз сессиясы**

2024-жылдын 17-декабры — Садовое айылы

**Миң-Булак айыл өкмөтүнө Большевик айылынын Шопокова көчөсүндөгү спортзалдын имаратын баланска алууга макулдук берүү жөнүндө**

Миң-Булак айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Ж.Алыбековдун Большевик айылынын Шопокова көчөсүндөгү спортзалдын имаратын баланска алуу зарылчылыгы жөнүндө маалыматын угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы «Жергилктүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» №123 Мыйзамынын 27-беренесинин 20-пунктуна ылайык, физкультура жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө байланыштуу, Миң-Булак айыл аймагынын Кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Миң-Булак айыл өкмөтүнө Большевик айылынын Шопокова көчөсүндөгү спортзалдын имаратын баланска алууга макулдук берилсин.
2. Миң-Булак айыл өкмөтү спортзалдын имаратын баланска алуу боюнча керектүү документтерди даярдасын.
3. Ушул токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү Кеңештин төрайымынын орун басары П.И.Лугмага, Миң-Булак айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Ж.Алыбековко. Кеңештин турак жай куруу боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрайым — Асадова А.К.